# ФОРУМДУН РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

2024-жылдын 20-февралында С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетин Маалыматтык технологиялар кафедрасында «Заманбап эмгек рыногунун талаптары: жумуш берүүчүлөр жана ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн пикирлери» аталыштагы жумуш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен кызматташтык форуму

Форумдун максаты: Иш берүүчүлөр менен замандын талабына ылайык компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоодогу негизги проблемаларды талкуулоо, алардын сунуш пикирлерин эске алуу менен келечектеги бүтүрүүчүлөрдү даярдоо, бүтүрүүчүлөрдүн жумуш ордундагы кездешкен көйгөйлөрү тууралуу ойлорун угуу жана алардын тажрыйбалары менен студенттердин ортосундагы пикир алмашуу.

Форумдун жүрүшүндө Нарын шаарындагы жана аймактарындагы IT тармагындагы муктаждыктарын канааттандырган жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо үчүн тиешелүү мамлекеттик ведомстволордун, банктардын, НМУнун жана жеке ишканалардын ортосунда узак мөөнөттүү жана туруктуу кызматташтыкты жолго коюу боюнча мүмкүнчүлүктөр жана зарыл иш-чаралар тууралуу иш берүүчүлөрдүн ойлору, сунуш-пикирлери айтылды.

Ошондой эле НМУнун бүтүрүүчүлөрүнө иш берүүчүлөр тарабынан коюлган атайын талаптар айтылып, “Колдонмо информатика” багытынын негизги окуу программасы, окуу планы талкууга алынып, бир катап баалуу сунуш-пикирлер ортого салынды.

НГУнун Нарын регионундагы ролун жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен форумдун катышуучулары төмөндөгүдөй чечимдерди кабыл алышты:

1. Маалыматты колдонуу, анын актуалдуулугун баалоо, маалыматты сатуу, анализдөө азыркы учурда эң негизги орунга чыгып жаткандыктан маалыматты коргоо, аны ар кандай кибер чабуулдан сактоо, резервге коюу, антивирус программаларын колдонуу сыяктуу маалыматтын коопсуздугун сактоо боюнча атайын тандоо курсун окуу планына киргизүү сунушталсын;
2. Билим берүү системасын өркүндөтүү, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча атайын программалар иштелип чыксын;
3. Өндүрүштөгү инновациялык процесстерди эске алуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча чараларды көрүү (анын ичинде кыргыз тилин окутууга, иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүнү студенттерге үйрөтүүгө басым жасоо) каралсын.
4. Студенттердин окуу, өндүрүштүк жана предквалификациялык практикаларын өтүүдө практикалык көндүмдөр аз болуп жаткандыктан өзгөчө көңүл бөлүнсүн.

Маалыматтык технологиялар

кафедрасынын жетекчиси: С.М.Кулманбетова